Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча

## К Е Л И Ш И М

Ош шаары "12" 12 2022-ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Т. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Т. Океев атындагы „Кыргызфильм" улуттук киностудиясы А. Бекболотов

ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

1. **"ОшМУ" милдеттенет:**

1.1 Жаңы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2 Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3 Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5 Факультет, колледж студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

2. **"Ишкана" милдеттери:**

2.1 ОшМУнун Искусство факультетинин "режиссура" адистигинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардык планга ылайык орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4 Искусство факультетинин "режиссура" адистигинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы толонуучу жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы укуктук ченем актыларын коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин белгилуу тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, ондуруштук жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Ондуруш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы откоруу боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин оз күчүнө кирет.

3.4. Келишим моонотү 2022 - жылдын 12 декабрь 2024 -жылдын 12 декабрь айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлот, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

| | |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университети | Тараптардын дареги |
| 723500 Ош шаары Ленин коч.331 | Т. Океев атындагы |
| ИНН 0207199610017 | „Кыргызфильм" |
| ОшМУнун ректору, | улуттук киностудиясы |
| профессор К. Т. Кожобеков | Бишкек шаары |
| | Р. Асанова 51 |
| | Бекболотов А. |